**Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Кочкор-Ата колледжи**

Бекитемин
Кочкор-Ата колледжинин
директору т.и.к.,
________ Б.С.Назарбаева
«26» 08 2021-ж

# Кочкор-Ата колледжинин Студенттер комитетинин

# УСТАВЫ

**Кочкор-Ата - 2021-ж.**

**Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Кочкор-Ата колледжинин Студенттер комитетинин**

# У С Т А В Ы

**I бөлүм**

***Жалпы жобо:***

1.1. Кочкор-Ата колледжинин алдында түзүлгөн Студенттер комитети Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жаштар саясатын негиздөө» мыйзамынын негизинде түзүлүп, мамлекеттик жаштар саясатын жүргүзүү максатында КАКтын чегинде өзүнчө структуралык бөлүм катары кызмат аткарат;

1.2. Студенттер комитетинин жалпы иш аракетине КАКтын 14 жаштан 28 жашка чейинки жаштары: студенттер катыша алышат;

1.3. Студенттер комитети ушул Уставдын негизинде, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын укуктук нормативдик актыларынын жана КАКтын Уставынын негизинде иш алып барат;

1.4. Студенттер комитетинин курамы жана каржылоо фондусу КАКтын администрациясынын макулдугу менен бекитилет;

1.5. Студенттер комитети коммерциялык мекеме эмес.

**II бөлүм**

Кочкор-Ата колледжинин Студенттер комитетинин иш багыттары:
2.1. Студенттер комитетинин иш багыттары төмөнкүлөр:
- Кыргыз Республикасынын жаштар саясатын КАКтын алкагында ишке ашыруу;
- «Кыргызстандын жаштары» улуттук программасын ишке ашырылышын камсыздоо;
- Эл аралык кызматташууну жана интеграцияны өнүктүрүү;
- Студенттер үчүн ар кандай багыттагы фестивалдарды, конференцияларды, конкурстарды, форумдарды, акцияларды ж.б.у.с. уюштуруу;
- Студенттердин кызыкчылыгын көздөгөн жеке ишкердик деминлгелерди, программаларды, проектилерди колдоо менен студенттердин эмгек менен камсыз болуусуна жардамдашуу жана экономикалык-социалдык деңгээлин көтөрүү;
- Студенттердин укугун, демократиялык көз карашын коргоо;
- Студенттердин өз алдынча эмгектенүүсүн, билимге умтулуусун камсыздоо менен алардын эс алуусун, сергек жашоо образын түзүүгө чакыруу, бул багытта мамлекеттик башкаруу органдарынын жардамында программаларды иштеп чыгуу;
- Мүмкүнчүлүгү чектелген майып студенттерге, алыскы райондордон келген жана турмуш-шарты оор студенттерге моралдык жана материалдык колдоо көрсөтүү;
- Жаш илимпоздордун илимий конференцияларын уюштуруу жана студенттердин илимий макалаларын жарыкка чыгуусуна колдоо көрсөтүү;
- Студенттердин интеллектуалдык деңгээлин, руханий байлыгын жана патриоттук сезимин өстүргөн проектилерди ишке ашыруу;

- Студенттер арасында жаш үй-бүлөлөрдүн социалдык-экономикалык кызыкчылыктарын колдоо, көмөк көрсөтүү.

**III бөлүм**

Студенттер комитетинин жайгашкан жери жана иш аракеттеринин мөөнөтү:
3.1. Юридикалык дареги: **Кыргыз Республикасы, Кочкор-Ата шаары, Транспортная көчөсү, 5. Кочкор-Ата колледжи, №1-окуу корпусу, 1-кабат;**

3.2. Студенттер комитети Кочкор-Ата колледжинин педагогикалык кеңешинин жыйынында бекитилгенден тартып, окуу жайдын чегинде мамлекеттик жаштар саясатын жүргүзүү максатында өзүнчө структура катары кызмат аткарат, ал – КАКтын герби түшүрүлгөн расмий бланкын, мөөрүн, штампын колдонууга акылуу жана өзүнчө эсеп-кысабы бар өз алдынча структура;

3.3. Студенттер комитетинин иштөө мөөнөтү чектелбейт.

**IV бөлүм**

Студенттер комитетинин түзүмүн уюштуруу жана башкаруу
4.1. Студенттер комитетинин башкаруу органы болуп, Студенттер комитетинин төрагасы (төрайымы) жана КАКтын студенттер менен иштөө кеңеши саналат;

4.2. Студенттер комитети төмөнкүдөй структуралардан турат:
а) Президент
б) Орун басар ;
в) Катчы;
г) Окуу иштердин сектору;
д) Маданий иштердин сектору;
е) Студенттик акыйкатчы
ж) Социалдык иштердин сектору;
з) Кыздар кенешинин төрайымы;
и) Балдар кеңешинин төрагасы;
к) Спорттук иштердин сектору;
л) Казыначы

Мындан сырткары ар бир бөлүмгө Студенттер комитетинин төрагалары ( төрайымдары) кирет. Жалпы расмий курам 14 (Он төрт ) адамдан турат.
- Сектор башчылары комитеттин отурумунда сунуштоо менен же добуш берүү менен бекитилет;
- Сектор башчылыгына ар бир бөлүмдөн сунушталган студенттер дайындалат.

4.3. Сектор башчыларынын милдеттери:

а) Орун басардын милдети:

- Жалпы студенттер комитети тарабынан жүргүзүлүп жаткан иштерди төраганын милдетин аткаруучу болуп иш алып барат;

б) Кочкор-Ата колледжинин студенттер комитетинин катчысынын милдети:

- студенттер комитетин чогулуштарын уюштурат жана ар бир өткорүлгөн иш чараларды кагаз жүзүнө түшүрөт;

в) Социалдык иштер боюнча сектордун милдети:

- мүмкүнчүлүгү чектелген майып студенттерди каттоо, шарты оор үй-бүлөнүн студенттерине жана алыскы райондордон келген студенттердин социалдык абалын көзөмөлгө алуу, колдоо көрсөтүү;
- жатакана менен камсыз кылууга жардам берүү;

г) Кыздар кенешинин төрайымынын милдети:

-Кочкор-Ата колледжинин жалпы кыздары менен тарбия иштерин жүргүзөт, Кыргыз элинин белгилүү айымдарынын ортосунда жолугушуларды уюштуруу жана жатаканада жашаган кыздар менен тыгыз байланышта иш алып баруу ;

д) Спорт сектордун милдети:

- Окуу жайда спорттук мелдештерди уюштуруу;
- шаардык, облусттук деңгээлдеги мелдештерге спортчулардын катышуусун камсыздоо;
- ОКББ окуу жайлар аралык спорттук оюндарды, спартакиадаларды өткөрүү;

е) Кочкор_Ата колледжинин студенттер комитенин акыйкатчысынын милдети:

- Кочкор-Ата колледжинин студенттеринин укуктарын коргоо жана сессия учурунда коррупцияга каршы үгүт иштерин уюштуруу ;

- студенттер менен мугалимдердин ортосундагы көйгөйлөрдү билүү үчүн студенттерден тест алуу;

4.4. Студенттер комитети жумасына бир жолу толук структуралык түзүмдүн катышуусунда жыйын өткөрүп турат. Жыйында каралчу маселелерге атайын протокол жазылып, катчы тарабынан көзөмөлгө алынат;

4.5. Студенттер комитетинин каржылык, чарбалык, финансылык, басма-полиграфиялык иштерине комитеттин төрагасы жетечилик кылат;

4.6. Студенттер комитетинин төрагасы Кочкор-Ата колледжинин тарбия иштер боюнча директордун орун басары тарабынан дайындалат;

4.7. Студенттер комитети структуралык түзүмгө өз алдынча өзгөртүүлөрдү киргизүүгө укуктуу.

**V бөлүм**

Студенттер комитетин каржылоо тартиби жана булактары

5.17. Студенттер комитети Кочкор-Ата колледжинин казынасынын, Студенттик казынасынан жана кесиптик кошундун эсебинен каржыланат;

5.18. Бөлүнгөн акча каражаттарын өзүнө жүктөлгөн милдеттерди аткарууда, кечелерди уюштурууга жумшай алат.

**VI бөлүм**

Студенттер комитетинин мүлкү жана аны пайдалануу укуктары:

6.1. Студенттер комитетинин төрагасынын эмгек акысы ар түрдүү сый акы түрүндө берилип турат;
6.2. Студенттер комитети менчиктин түрүнө карабай юридикалык жана жеке жактар менен келишимдерди түзүүгө укуктуу;
6.3. Кочкор-Ата колледжинин казынасынан бөлүнгөн акча каражаттарын атайын смета менен иштетүүгө укуктуу.

**VII бөлүм**

Студенттер комитетинин ишин токтотуу же өзүн жоюу тартиби:

7.1. Эгер Студенттер комитети өзүнө жүктөлгөн милдеттерди аткарууда алсыз болгон учурда өз ишин токтотот;

7.2. Студенттер комитети башка структураларга кошулуп кеткенде же бөлүнүп кеткенде өз ишин токтотот жана атайын комиссиянын текшерүүсүнөн өтөт;

7.3. Студенттер комитети өз ишин токтоткон күндөн тартып учурдагы Устав өз күчүн жоготот жана окуу жайдын архивине тапшырылат.

Жаштар комитетинин
төрайымы: __________________________